# Сыйлашалы

Сөзү: Байбугуева Күлбүбү
Обону: Райымбекова Анапия

Колдон келсе жаман тилди азайтып

Кир жолотпой көңүлдөрдү тазартып

Жакшы сөздү сенден угуп мен сүйлөп

Жашайлычы жан дүйнөнү жашартып

Сүйө билип сүйдүрө да билүүгө

Мезгил келет ар адамга тирүүдө

Дал ошондо гүл куракты өткөрбөй

Эмне жетсин кадырлашып жүрүүгө

Мен аяйын сен да мени аягын

Мен жөлөйүн сен да мени таягын

Сен сыйласаң менден эле кетпестир

Мен да сени ардактоого даярмын

Сыйлашалы гүлгө айлантып өмүрдү

Жыргашалы кирдетпейли көңүлдү

Бир кезекте жер үстүнөн табышбай

Каларыбыз чындыгында төгүнбү